***DOI:10.26104/NNTIK.2023.79.46.047***

***Мусаева В.И., Байбосова Д.К.***

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДАГЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

***Мусаева В.И., Байбосова Д.К.***

## КОМПЕТЕНЦИИ В ПРЕПОДАВАНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

***V. Musaeva, D. Baibosova***

## COMPETENCIES IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

*УДК: 371.3: 494.3:8.085.4*

*Макаланын автору В.Мусаева тарабынан алгачкы ирет кыргыз тилинин стандарты иштелип чыгып, окутууга сунушталган. Анда кыргыз тилин окутуудагы компетенттүүлүктөр аныкталып, чечмеленип сунушталган. Дал ошол тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөр окуу программасына киргизилип, бүгүнкү учурга чейин окутулуп келет. Башталгыч класстардын стандартына да киргизилген. Бул макалада дал ошол тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөр тууралуу учкай сөз болду.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз тили, эне тили, улуттук тил, тилдик компетенттүүлүктөр, кептик компетенттүүлүктөр, маданий компетенттүүлүктөр, орфография, пунктуаця, окунун натыйжалары.*

*Автор статьи Мусаева В. впервые разработала стандарт кыргызского языка и предложила его для обучения. В стандарте были определены, интерпретированы и предложены компетенции в обучении кыргызскому языку. Именно те языковые, речевые и культурологические компетенции вошли в учебную программу и преподаются по сей день. Они также входят в стандарт начальных классов. В этой статье идёт речь как раз об этих языковых, речевых и культурных компетенциях.*

***Ключевые слова****: кыргызский язык, родной язык, национальный язык, языковые компетенции, речевые компетенции, культурные компетенции, орфография, пунктуация, результаты обучения.*

*The author of the article Musayeva V. first developed the standard of the Kyrgyz language and offered it for teaching. Competences in teaching the Kyrgyz language are defined, interpreted and proposed. It is those language, speech and cultural competencies that were included in the curriculum and are taught to this day. They are also included in the standard of primary classes. This article deals with just these linguistic, speech and cultural competencies.*

***Key words****: kyrgyz language, native language, national language, language competencies, speech competencies, cultural competencies, spelling, punctuation, learning outcomes.*

Улуттук тил болгон кыргыз тилибиз – эне тилибиз көп кырдуу коммуникативдик функцияларды аткарып тургандыгы менен бир катар артыкчылыктарды өзүнө камтып турган ажайып бир керемет көрүнүш экендиги, албетте, белгилүү. Эне тилибиз бул – өз ара пикирлешүүнүн, баарлашуунун куралы, дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты, обективдүү чындыктын чагылдырылышы, дегеле, инсандын интеллектуалдык жактан руханий-адептик жактан өнүгүүсүнүн башкы каражаты. Тил тынымсыз аракетте болуп, коомдогу адамдардын жан дүйнөсүн, оюн, дилин аныктап-тастыктап тураары анык. Ушундан улам, биздин тилибиз ой жүгүртүүбүз менен тыкыс байланышта, биримдикте ишке ашырыла тургандыгы да айныгыз чындык. Азыркы заманбап жашоодо ар бир эле инсандын ички ой-сезиминин аруулугу жана тазалыгы барган сайын башкы маселе катары саналууда. Себеби, жан дүйнөнүн тазалыгы, аруулугу бул – жалпы эле дене боюнун сак-саламатчылыгын камсыздай тургандыгына акыркы мезгилде айрыкча басым жасалууда. Демек, жаш муундарды эрте жаштан туура ой жүгүртүү аркылуу туура, так, адептүү, орундуу сүйлөөгө көнүктүрүү бул учурдун кечиктирилгис талабы болуп калды.

Кыргыз тилин, эне тилин өздөштүрүү деңгээли окуучулардын мектеп предметтерин өздөштүрүүсүнө, ошондой эле, аналитикалык ой жүгүртүүлөрүнүн өнүгүүсүнө да таасирин тийгизет. Эне тилинин мектеп курсунун структурасында өз алдынча үч багыты [11] көрүнүп турат. Алар:

1. Кыргыз тилинин системалык курсу;
2. Орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер;
3. Кеп ишмердүүлүгүнүн, кеп маданиятынын өнүгүүсү.

Мектепте тилдик эреже-чен-өлчөмдөргө, орфографиялык, пунктуациялык көндүмдөргө үйрөтүү солгундоо менен тилдин теориялык маалыматтары кептин практикалык ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн колдонулбастан, тескерисинче, ажыратылып окутулат. Балким, ушундан улам, мектеп окуучулардын коммуникативдик-функционалдык [10] сабаттуулугун толук камсыздай албагандыктан улам да мектеп бүтүрүүчүлөрдүн оозеки жана жазуу кеби боюнча көндүмдөрү жеткиликтүү деңгээлде калыптанбай жаткандыр деген бүдөмүк ой туулат.

**Эне тилин үйрөтүүнүн максаты –** окуучулардын коммуникативдик-кептик көндүмдөрүн өнүктүрүү жана социалдаштырууну камсыздоо. **Ал эми эне тилин үйрөтүүнүн милдеттери:**

**Когнитивдик –** окуучулар эне тилин дүйнө таануунун куралы, чындыктын чагылдыруунун каражаты ошондой башка предметтер боюнча билим алуунун куралы катары колдонушат. Эне тилин бүтүн жана өнүгүп жаткан система катары кабыл алат, курамдык өзгөчөлүктөрүн, тил бирдиктеринин маани-

син жана кызматын түшүнөт, тилдик кубулуштарды жана фактыларды анализдей алат, оозеки жана жазуу кебинде адабий тилдин нормаларын колдонот.

**Колдонуучулук –** окуучу кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө (угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу) жана пикирлешүүнүн түрдүү тармактарында пикирлешүү маданиятына жана өзүнүн оозеки кебин өз алдынча өркүндөтүүгө жөндөмдүү болот.

**Баалуулук –** эне тили маданият жаратуучу экендигин түшүнөт, өзүндө руханий-тарыхый мурас катары тилге кылдат мамиле кылууну тарбиялайт, маданият аралык пикирлешүү формаларына ээ болот.

**Эне тилин үйрөтүүдөгү коммуникативдик-кептик ишмердүүлүк мамиле деген эмне?** Эне тилин окутуудагы окуучулардын кептик ой жүгүртүүчүлүк-коммуникативдик ишмердүүлүгүн өркүндөтүү, алардын кеп ишмердүүлүгүн, кеп маданиятын өнүктүрүү, тил системасын өздөштүрүү жана анын мыйзамдарын таанып-билүүчүлүк мааниде гана эмес, ошондой эле функционалдык маанилерин да көздөйт. Баарынан мурда, азыркы учурдагыдай тескерисинче эмес, үйрөнүлүп жаткан тил бирдиктерин фактыны үйрөнүү функциясынан анын мүнөздөмөсүн аңдап-түшүнүү менен, өздөштүрүүгө болгон мамилени өзгөртүү керек. Эне тилин үйрөтүүдөгү белгиленген максаттар менен милдеттерди чечүү үчүн коммуникативдүү-кептик ишмердүүлүк мамилесин колдонуу сунушталат.

**Эне тилин үйрөтүүдөгү коммуникативдик-кептик ишмердүүлүк мамиле**




Тилдин бардык элементтерин бириктирүүчү катары мындай мамиледе тилдик курам жана мыйзамдар тексттин негизинде таанылат. Пикирлешүү үчүн багытталган текстте тилдик бирдиктер табигый кырдаалда, табигый чөйрөдө көрсөтүлгөн. Тилдик бирдиктер текстте гана жаңы, б.а. текст түзүүчү функцияларга ээ болот. Бул функцияларды өздөштүрбөө алардын өз алдынча кеп ишмердүүлүгүндө пайдалана албоосуна алып келет. Мына ошентип «текст дидактикалык бирдик катары кыргыз тилин мектепте үйрөнүүдө эки маанилүү багытты бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берет: түрдүү турмуштук кырдаалдарда тил системасын жана пикирлешүү эрежелерин, нормаларын таануу» [7].

Окуучулар оозеки жана жазуу түрүндөгү түрдүү типтеги даярдыксыз жана даярдалган тексттерди түзүү аркылуу үзгүлтүксүз пикирлешүү кебине тартылган, а тил жана аны туура жазуу нормалары коммуникативдүү милдеттерди ишке ашыруу каражаты болот. Демек, окуучулар оозеки жана жазуу кебинин түрдүү жанрларын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Текстке таянуу предметтик (тилдик, кептик жана маданий) жана түйүндүү (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өз алдынча ишке ашыруу жана көйгөйдү чече билүү) компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу процессин бириктирүүнү камсыздайт. Текстти түшүнүү жана түзүү тажрыйбасы окуу процессинде мектептен сырткары, ошондой эле окуучулардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланылышы

**Эне тилин окутуудагы предметтик компетенттүүлүктөрдү** [1,2,5,8,9] аныктоодо төмөнкүлөрдү эске алдык:

- Кептик-ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүк төмөнкү фазаларга ээ: мотив – максат – багыт алуу – пландаштыруу – ишке ашыруу – текшерүү;
- Кептик ишмердүүлүк процессинде сүйлөөчүнүн грамматикасы жана угуучунун грамматикасы колдонулат;
- Адамдын кеби анын дүйнө таанымын жана маданий деңгээлин чагылдырат.

Мына ушуга байланыштуу эне тилинин төмөнкүдөй компетенттүүлүктөрү белгиленди:

- ***тилдик*** – тилдин системасына ээ болуу, тактап айтканда, тилдин курулушу, тилдик нормалар, анын ичинде орфографиялык жана пунктуациялык;

• ***кептик*** – кептик кырдаалдар жана тилдик нормаларга ылайык коммуникативдүүлүк ишке ашырылат, өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт жана сөздүк корун байытат.

• ***маданий*** – тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн эске алуу менен диалог жүргүзө билүүсү.

***Тилдик компетенттүүлүккө*** [1,2,5,8,9] ээ болуу бул – тилдин жеке жана жалпы закондорун чагылдыруучу нормалар жана эрежелер боюнча билимге ээ болот, лингвистикалык маалыматтарды интерпретациялай алат, аналитикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот:

• тилдик бирдиктерди, тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;

• лингвистикалык бирдиктерди, функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурат;

• тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасы, семантикасы жана стили боюнча айырмалайт;

• кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалайт;

• каралган орфограммалардын көлөмүнө жана пунктуациялык эрежелерге ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

***Кептик компетенттүүлүккө*** [1,2,5,8,9] ээ болуу – бул (сүйлөөчү же угуучу) коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүүлүгү:

• карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнөт жана белгилейт;

• тексттеги биринчи жана экинчи маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды чындык менен салыштырат;

• коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалайт жана пайдалана алат.

• адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;

• текстти ар кыл стилдик режимдерге (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт;

***Маданий*** компетенттүүлүккө [1,2,5,8,9] ээ болуу – бул мектеп бүтүрүүчүсү пикир алышууга катышуу менен социалдык кептик жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү:

• коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун катышуучусунун социалдык ролун өзүнө кабыл алат;

• элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;

• Кеп адебинин эрежелерине ээ болот.

Түйүндүү компетенттүүлүктөр (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чече билүүчүлүк) кыргыз тили сабагында предметтик: тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөр [8,9] аркылуу калыптанат.

**Предметтик жана түйүндүү компоненттүүлүктөрдүн байланышы**



Турмуштук кырдаалдардан алынган окуучулар үчүн кызыктуу тексттерди окуу (угуу) жана талкуулоо ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, баалуулук багыттарды иштеп чыгууга көмөктөшөт. Ал тексттерди сынчыл көз караш менен баалоо, тексттерден маалыматтарды табууга, башкалардын пикирлерин уга билүүгө жана өз пикирин калыптандырууга, түрдүү көз караштарды салыштырууга үйрөтөт.

Бай сөздүк корго ээ мектеп окуучусу өз оюн эркин жана так билдирүүгө жөндөмдүү болуу менен ар түрдүү кырдаал жана карым-катнаштын чөйрөлөрүндө ийгиликтерге жетишет. Эне тили боюнча карым-катнаштын маданиятына жетишүү бул – башка элдердин да маданиятын сыйлоо сезимин өнүктүрүүнү жөнгө салат.

Кыргыз тилинен билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын үстүндө бир катар жылдардан бери [1] эмгектенип келдик. Ал стандартта компетенттүүлүктөр тууралуу кеңири сөз болгон жана адабияттардагы көрсөтүлгөн (8,9) эки эмгегибиз да жарык көргөн. Кыргыз тилинин программасына [2] ар жыл сайын мугалимдердин август кеңешмесине карата даярдалган методикалык материалдарда компетенттүүлүктөр (тилдик, кептик, маданий) кеңири чечмеленип, киргизилип, ушул учурга чейин окутулуп келүүдө. Ошону менен бирге эле кыргыз тилинин программасына ар бир класска карата окутуудан күтүлүүчү натыйжалар иштелип чыгып, сунушталган. Бул окуу материалдары да азыркы кезге чейин окутулууда. Бир нечелеген илимий макалаларыбыз жарык көргөн. Кыргыз тилин компетенттүүлүккө багыттап окутуу жаатындагы макалаларыбыз мындан ары да жазылып, жарык көрө бермекчи.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз тилинен билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты. / Жыйнакта. - Б., 1996.
2. Кыргыз тилинин программасы. - Б.: Билим, 2012.
3. Жаңы муундагы окуу китебинин мазмуну менен ички түзүлүшүн баалоо боюнча Жобо жана Практикалык колдонмо. - Б., 2006.
4. Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамы. - Б., 2003.
5. Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Алкактык Улуттук куррикулуму. - Б., 2008.
6. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилде билим берүү концепциясы. - Б., 2009.
7. Ипполитова Н.А.Текст в системе обучения русскому языку в школе. - М., 1998.
8. Мусаева В.И. Кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. - Б.: «Алтын тамга», 2014.
9. Мусаева В.И. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. – Б.: «Алтын тамга», 2015.
10. Мусаева В.И. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. Монография. - Б., 2009.
11. Мусаева В.И. Кыргыз тили (кыргыз тили таблица, чийме, схемаларда). - Б., 2009.
12. Жумабаев Э. Формирование компетентности учителей в обучении кыргызского языка и литературы. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 8. С. 155-156.